**Сабактын темасы: :** Көркөм сүрөт өнөрү. «Саймалуу таш» (сызык, өң-түс, көлөм).

5.10.2022 Текшерилди

**Дата:** 5.10 **көркөм өнөр 5-класс**

| № | Сабактын максаты | Мазмуну | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк** | Көркөм сүрөт өнөрү, «Саймалуу таш» жөнүндө маалымат берилет | Көркөм сүрөт өнө… кыскача айтып бере алса |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк** | Көркөм сүрөт өнөрү, «Саймалуу таш» боюнча өз алдынча иштешет | Көркөм сүрөт өнөрү, «Саймалуу таш» боюнча өз алдынча иштей алышса |
| 3 | **Тарбиялык** | тактыкты, предметке болгон кызыгууну тарбиялоо, көз карашты калыптандырышат | тактыкты, предметке болгон кызыгууну тарбиялоо, көз карашты калыптандырышса |

**Сабакта төмөндөгүдөй компетенттүүлүктү калыптандырышат.**

| № | Негизги компотенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжа | Предметтик компетенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Маалыматтык** | Окуучулар көркөм сүрөт өнөрү, «Саймалуу таш» жөнүндө маалымат алышат | **Эстетикалык компетенттүүлүк** | Графика жанрынын Кыргызстанда жана дүйнөдө белгилүү болгон чыгармалары тууралуу айтып берет. |
| 2 | **Социалдык коммуникативдик** | Натюрморт адам турмушундагы ролун аныкташат | **Баалуулук компетенттүүлүгү** | чыгарманын үстүндө этаптуу түрдө (компоновка, куруу, локалдык түстү сүйкөө, деталдоо, жалпылоо) иштөөнү көрсөтүп берет; |
| 3 | **Өзүн өзү өнүктүрүү, көйгөйлөрдү чечүү** | Натюрморт боюнча өз алдынча иштей алышат | **Чыгармачылык компетенттүүлүк** | жөнөкөй формадагы заттардан композицияларды түзөт, натурадан натюрмортту тартат. |

**Сабактын жабдылышы:** Иллюстрациялар, репродукциялар, табигий каражаттар, тушь, жөнөкөй карандаш ж.б.

**Сабактын тиби: Аралаш сабак**

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдердин иш-аракети | Окуучулардын иш-аракети | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| **1** | **Уюштуруу** | **Окуучуларды жоктоо, журнал толтуруу, классты даярдоо** | **Окуучулар сабакка керектүү материалдарды даярдашат. Дежур жок окуучуларды айтат** | **Калыптандыруучу баалоо** |
| **2** | **Өтүлгөн теманы суроо** | Мугалим өтүлгөн теманын тапшырмасын текшерет (Эркин темада натюрморт.) | | **Жеке баалоо** |
| **3** | **Жаңы теманы түшүндүрүү** | **Сабакка көңүл буруучу оюн өткөрөт же кырдаал түзөт.** **Жаңы теманы баяндап түшүндүрүп берүү** Саймалуу-Таш жергебиздеги байыркы тарыхый цивилизациянын түрдүү стилдеги сюжеттери сүрөттөлгөн таш барактары деп атасак туура болот. Эң алгач өзү жашаган жеринин, элинин, көркөм маданиятын билбей туруп, башкы элдердин тили-дилин, көркөм маданиятын 23 түшүнүү өтө кыйын. Ошондон улам жергебиздеги бизге чейин сакталып жеткен маданий мурастарын изилдеп, Саймалуу-Таш сыяктуу таштарга чегилген сүрөттөр тууралуу так, тарыхый, географиялык маалыматтарды билүү зарыл. Саймалуу-Таш Нарын облусундагы Көгарт дарыясынын башындагы Көгарт ашуусуна жакын Фергана тоо кыркаларында жайгашкан. Анда байыркы | **Оюнга же талкууга катышышат. Суроолорго жооп беришет. Суроо беришет. Жаны тема боюнча маалыматтарды алышат жана иш жүргүзүшөт.** | **Жеке баалоо, калыптандыруучу баалоо** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | адамдар айлана-чөйрөсүндөгү көргөн-билгендерин таштардын беттерине чагылдырышкан. Мындай таш бетиндеги сүрөттөрдү петроглифтер деп аташат. Жылмакай, ар түрдүү көлөмдөгү таштардын бетинде негизинен адамдардын, тоо эчки, илбирс, жылан ж. б. сүрөттөрүн көрүүгө болот, бул байыркы мезгилдин эң зор сүрөт галереясы. Көбүнчө жашоонун негизи болгон аң уулоо, жер иштетүү жана башка иш-аракеттери чагылдырылган. Бул дөңгөлөктүү арабалар, адамдардын жер айдап жаткан учурлары ж. б. чагылдырылган эки миңден ашык табылган сүрөттөр болжол менен б. з. ч. 2 миңинчи жылдарга таандык. Андагы дөңгөлөктүү арабалардын сүрөттөрү дүйнө жүзүнүн башка жерлеринен азырынча кездеше элек. Бүгүнкү күндө элибиздин көркөм сүрөт өнөрүндөгү тарыхый мурастары көркөм өнөрүнүн түрдүү тармактары боюнча пайдубалы катары пайдалануу керек.<br>Тапшырма<br>1. Саймалуу-Таш галереясындагы сүрөттөлүштөрдүн ичинен силерге жаккан элестерин ылдам же «Бир шилтем» ыкмасында кагаз бетине түшүрүп, көнүгүүлөрдү аткаралы. | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 2. Бир шилтем ыкмасында аткарган элестерден буюм бетине түшүрүү үчүн эскиздерди түзөлү.<br>3. Эскиздердин негизинде аткарылган композициялык ишти тегиздик же белекке берилүүчү буюмдун бетине түшүрөлү. | | |
| **5** | **Бышыктоо** | **Мугалим талкуу уюштурат. Өтүлгөн темада тапшырма берет.** | **Окуучулар берилген тапшырманы аткарышат.** | **Окуучулардын бирин бири баалайт** |
| **6** | **Баалоо** | **Жыйынтыктайт, баалайт** | | **Жыйнтыктоочу баалоо** |
| **7** | **Үйгө тапшырма** | **Үйгө тапшырма берилет** | «Саймалуу таш» жөнүндө окуп келүү | |

17.11.2022 Текшерилди

**Сабактын темасы:** Оюмдар дүйнөсү жашоо турмушубузда. Оюмдардын айрым элементтери

**Дата:** 17.11 **көркөм өнөр 6-класс**

| № | Сабактын максаты | Мазмуну | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| 1 | **Билим берүүчүлүк** | Окуучулар улуттук оюмдарды жана анын жашоодогу колдонулушу жөнүндө кеңири түшүнүк алышат | Окуучулар улуттук оюмдарды жана анын колдонулушу жөнүндө кеңири түшүнүк а… |
| 2 | **Өнүктүрүүчүлүк** | Окуучулар улуттук буюмдардын өзгөчөлүктөрүн жана түрлөрүн терең тааный билет, кандай каражаттар менен аткарылгандыгына байкоо жүргүзөт | Окуучулар улуттук буюмдардын өзгөчөлүктөрүн жана түрлөрүн терең тааный билет, кандай каражаттар менен аткарылгандыгына байкоо жүргүзүшсө |
| 3 | **Тарбиялык** | Балдар оюмдардын маанисине карап ылайыктуу жайгаштырат, эрежесин сактап иштей билүүгө тарбияланат | Балдар оюмдардын маанисине карап ылайыктуу жайгаштырат, эрежесин сактап иштей билүүгө тарбияланышса |

**Сабакта төмөндөгүдөй компетенттүүлүктү калыптандырышат.**

| № | Негизги компотенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжа | Предметтик компетенттүүлүк | Күтүлүүчу натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Маалыматтык** | Түрдүү оюмдардын турмушта колдонуу максатын , маанисин түшүнөт. | **Эстетикалык компетенттүүлүк** | сүрөт-пейзаждарды салыштырат, сүрөтчү түс менен берген ар кыл маанайлар жана абалдар (кубанычтуу, майрамдык, капалуу, сырдуу, назик ж.б.) тууралуу айтып берет |
| 2 | **Социалдык коммуникативдик** | Оюмдардын тарыхы, маанисин жана түрлөрүн билишет | **Баалуулук компетенттүүлүгү** | түстүк чечилиштерди сактоо менен, ар кыл жанрларда эскиздерди түзүүдө көркөм каражаттарды пайдаланат. |
| 3 | **Өзүн өзү өнүктүрүү, көйгөйлөрдү чечүү** | Анималистик жанр боюнча өз алдынча иштей алышат | **Чыгармачылык компетенттүүлүк** | чыгармачыл иште түс аркылуу ар кандай образдарды берет. |

**Сабактын жабдылышы:** Оюмдардын үлгүлөрү, сүрөттөлүштөр, фотолор


**Сабактын тиби: Аралаш сабак**

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдердин иш-аракети | Окуучулардын иш-аракети | Баалоо |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу | **Окуучуларды жоктоо, журнал толтуруу, классты даярдоо** | **Окуучулар сабакка керектүү материалдарды даярдашат.** | **Калыптандыруучу баалоо** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Дежур жок окуучуларды айтат** | |
| 2 | **Өтүлгөн теманы суроо** | Мугалим өтүлгөн теманын тапшырмасын текшерет (1-чейректе өтүлгөн сабактарды кайталоо) | | **Жеке баалоо** |
| 3 | **Жаңы теманы түшүндүрүү** | **Сабакка көңүл буруучу оюн өткөрөт же кырдаал түзөт.**<br>**Жаңы теманы баяндап түшүндүрүп берүү**<br>Балдар, биз ар бир теманы өткөндө андагы жаңы сөздөрдүн маанисин терең түшүнүп, толук маалымат алышыбыз керек.<br><br>Декоративдик өнөр деген эмне?<br><br>Бул сүрөтчүнүн, чебердин ички жан дүйнөсүнөн тилек, үмүт, каалоосу жана ойлонуусу аркылуу жаралган оюм-чийимдерин маанисине карап, фантазиялап, жарашыктуу жайгаштырып иштөөсү, жасалгалоосу болуп саналат. Ал буюмдарда, кийимдерде, идиш-аяктарда, ат жабдыктарда, улуттук нерселерде кеңири пайдаланылат. Декор-элдин урунма буюмдар дегенди түшүндүрөт. Бул иштин баардыгын жөнгө салган адисти декоратор деп атайбыз. Сайма сайып, шырдак жасагандарды саймачы, оймочу деп аташса, жыгачтан буюм жасагандарды жыгач уста, ээрчи, түндүкчү, уук-кереге матоочу деп өнөрүнө жараша кайрылышкан. Темирден буюмдарды жасап кооздук келтиргендерди кара уста, темир уста ал эми күмүштү иштетип, зер буюмдарды даярдагандарды зергерчи, тери иштеткендерди көн, шири (өрүмчү, кайыкчы ж. б.) деп аташкан.<br><br>Орнамент.<br><br>Оюмдар дүйнөсү жашоо турмушубузда. Оюмдар түрдүү буюмдардын бетине түрдүү сызык, түс тактар жана ар кандай геометриялык фигуралардын | **Оюнга же талкууга катышышат. Суроолорго жооп беришет. Суроо беришет. Жаны тема боюнча маалыматтарды алышат жана иш жүргүзүшөт.** | **Жеке баалоо, калыптандыруучу баалоо** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | жардамы менен аткарылып берилет.<br><br>Оюмдардын айрым элементтери. Мында оюмдардын ар бири өзүнчө же топтолуп бир маанини билдирет. Окуу китебинде 25–32-бетке чейин берилген. Оюмдар көпчүлүгү тизмектелип берилет же жалгыз берилет. Буюмдарга колдонгон оюмдар жарашыгына карата ар кандай формада ар түрдүү колдонулат. Мисалы: окуу китебинде 28-беттеги «Гүл оюму» жаштардын кийимдеринде, буюмдарында кеңири колдонулат. Анткени бул оюмдун мааниси төмөндөгүдөй чечмеленет: сулуулукту, кооздукту, жаштыкты, өсүүнү билдирет. Турмушта кеңири колдонулат. Алсак: архитектурада, тиричилик буюмдарында, техникада, кийим-кечеде<br><br>Практикалык иштөө. Мугалимдин түшүндүрмөсүнөн кийин окуучулар оюмдун алты түрүнүн бирөөнү тандап, аны кайталоо жолу менен же жарашыктуу жайгаштырып, чакан композицияны ар бири өз алдынча түзүшөт. Тартуунун этаптуу эрежелерин сактап иштешет. Контрасттык түстөрдү колдонуп, жарашыктуу түс беришет. А4 форматка аткарылышы зарыл. Мында акварель боегун колдонушат. | | |
| 5 | **Бышыктоо** | **Мугалим талкуу уюштурат. Өтүлгөн темада тапшырма берет.** | **Окуучулар берилген тапшырманы аткарышат.** | **Окуучулардын бирин бири баалайт** |
| 6 | **Баалоо** | **Жыйынтыктайт, баалайт** | | **Жыйнтыктоочу баалоо** |
| 7 | **Үйгө тапшырма** | **Үйгө тапшырма берилет** | Оюмдарды аткаруу | |





29.11.2022 Текшерилди

**Сабактын темасы:** "Кыргыздардын архитектурасы" (реферат).

**Дата:** 29.11 **көркөм өнөр 7-класс**

| № | Сабактын максаты | Мазмуну | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк | Кыргыздардын архитектуралык эстеликтери жөнүндө маалымат алышат | Кыргыздардын архитектуралык эстеликтери жөнүндө маалымат алышса |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк | Тема бойунча реферат жазышат | Тема бойунча реферат жазышса |
| 3 | Тарбиялык | Өз алдынча изденүүнү үйрөнүшөт | Өз алдынча изденүүнү үйрөнүшсө |

**Сабакта төмөндөгүдөй компетенттүүлүктү калыптандырышат.**

| № | Негизги компотенттүүлүк | Күтүлүүчү натыйжа | Предметтик компетенттүүлүк | Күтүлүүчу натыйжа |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык | Орто Азия архитектурасы боюнча изденүүсүн чагылдырып жазат | Эстетикалык компетенттүүлүк | өлкөнүн жана дүйнөнүн белгилүү көркөм музейлерин атап берет. |
| 2 | Социалдык коммуникативдик | Кыргзыстандын архитектуралык эстеликтерин тарыхы жана бугунку орду жөнүндө маалымат алышат | Баалуулук компетенттүүлүгү | архитектуралык курулуштардын перспективасын түзүүдө башталуу чекиттерин табат. |
| 3 | Өзүн өзү өнүктүрүү, көйгөйлөрдү чечүү | Өз алдынча изденүүгө үйрөнүшөт | Чыгармачылык компетенттүүлүк | этаптуу ишти аткарууда сюжеттик сүрөт тартууда форма менен декордун биримдигин чагылдырып берет. |

**Сабактын жабдылышы:** Слайд, кошумча адабияттар, плакаттар.

**Сабактын тиби: Аралаш сабак**

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын | Мугалимдердин иш-аракети | Окуучулардын иш- | Баалоо |
|---|---|---|---|---|

| | этаптары | | аракети | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | **Уюштуруу** | **Окуучуларды жоктоо, журнал толтуруу, классты даярдоо** | **Окуучулар сабакка керектүү материалдарды даярдашат. Дежур жок окуучуларды айтат** | **Калыптандыруучу баалоо** |
| 2 | **Өтүлгөн теманы суроо** | | | **Жеке баалоо** |
| 3 | **Жаңы теманы түшүндүрүү** | **Сабакка көңүл буруучу оюн өткөрөт же кырдаал түзөт.**<br>**Жаңы теманы баяндап түшүндүрүп берүү**<br><br>**Архитектуралык эстеликтер, Таш-Рабатты —** Кыргызстанда орто кылымдардагы куру- эстеликтеринен сакталып калгандары анча көп эмес. Алар бизге келип жеткендерине Караганда бир кыйла көп болчу. Буга ар түрдүү шаарлардагы мунаралардын, мечиттердин, күмбөздөрдүн бар болгондугу жөнүндөгүү жазуу булактары (маалыматтар) да, ошондой эле бир кездерде эң сонун архитектуралык имараттардын калдыгын ачкан археологиялык табылгалар да далил болот. Бат-бат болгон согуштар, табигый кырсыктар, закымдай учкан мезгил көп архитектура эстеликтеринин кыйрап калышына негизги себептерден болгон.<br><br>Ушуга чейин сакталып калган Бурана мунарасы, архитектуралык комплекс, Шах-Фазилъ мавзолейи жана Манас кумбозу сыяктуу курулуш эстеликтеринин ичинен Таш-Рабат кербен сарайына өзгөчө орун таандык. Кыргызстандын аймагында салынган бул курулуш Борбордук Азиянын орто кылымдарда өнүккөн борборлорунан алда канча алые жайгашкан. Таш-Рабат жөнүндөгү жазуу булактарындагы жана адабият- тагы маалыматтарга токтололу. Таш-Рабат жөнүндө биринчи жолу XVI к. экинчи жарымында Мухаммед Хайдар эскерет. Анын «Тарих-и Рашиди» деген кол жазмасында бул | **Оюнга же талкууга катышышат. Суроолорго жооп беришет. Суроо беришет. Жаны тема боюнча маалыматтарды алышат жана иш жүргүзүшөт.** | **Жеке баалоо, калыптандыруучу баалоо** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | эстеликтин архитектуралык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн баяндама берилет. Ал Таш-Рабаттын архитектуралык курулушу менен дал келет. Мындан тышкары, Мухаммед Хайдар аны Кашмирдин ушул сыяктуу эстелик- терине салыштырат. Эстеликти ал 1408-1416-жж. Могулстанды башкарган Мухаммед хан курган деп эсептейт. Бирок Таш-Рабаттын орду так керсетулген эмес.<br><br>Казактын керунуктуу илимпозу Ч. Валиханов Кашкардан кербен менен келатып, 1859-ж. Таш-Рабатты керуп еткен. Анын эмгегинде эстелик женунде мындай жери бар: «Имарат чополуу сланец жалпак плита таштардан курулган, узундугу 12, туурасы 7 саржанча келет. Узун коридордон улай тегерек зал (радиусу 5 кез), усту айдеш тоголок болуп кетет. Коридордун капталдарында кичинекей жапыз эшиктери бар, ...алардан чарчы жана суйрел- жун чакан белмелерге етет. Бул имарат бир кезде сыртынан да, ичинен да шыбалса керек». Андан ары ал имараттын ичинин ар кайсы жеринде араб жазуусу сакталып калгандыгын, жергилик- туу калктын айтымына Караганда эстеликте 40-41 белме бар экендигин, бул имарат кыргыздар учун сыйынуу жана курмандык чалуу жайы болгондугун жазат. | | |
| 5 | **Бышыктоо** | **Мугалим талкуу уюштурат. Өтүлгөн темада тапшырма берет.** | **Окуучулар берилген тапшырманы аткарышат.** | **Окуучулардын бирин бири баалайт** |
| 6 | **Баалоо** | **Жыйынтыктайт, баалайт** | | **Жыйнтыктоочу баалоо** |
| 7 | **Үйгө тапшырма** | **Үйгө тапшырма берилет** | "Кыргыздардын архитектурасы" (реферат). | |



